Каржылоо алуу үчүн Банкка тапшырылуучу документтердин тизмеси

Арыз берүүчү Банкка төмөнкү документтерди тапшырат:

1) Каржылоого арыз менен бирге – 1, 2, 3, 5-бөлүмдөрдөгү документтер
2) Банк долбоордун концепциясын жактырган учурда – 4, 6-бөлүмдөрдөгү документтер

№	Документтин аталышы	Арыз менен бирге	Концепция жактырылгандан кийин	Долбоор жактырылгандан кийин
	1	2	3	4
	I. АРЫЗ БЕРҮҮЧҮ БОЮНЧА ДОКУМЕНТТЕР			
1	Жетекчи кол койгон жана Арыз берүүчүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, толтурулган Каржылоо алууга арыз	- түп нуска - электрондук түрдө	--	--
2	Арыз берүүчүнүн жетекчиси кол койгон жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн, толтурулган юридикалык жактын жана бенефициардык ээсинин анкеталары (зарыл болгондо ПДЛ анкеталары, жеке жактын анкетасы)	- түп нуска - электрондук түрдө	--	--
3	Банктын кредиттик бюролордон маалымат алуусуна макулдук арызы;	түп нуска	--	--
	Каржылык абалды тастыктоочу документтер			
4	Арыз берүүчүнүн акыркы үч отчеттук жыл жана учурдагы жылдын акыркы чейреги үчүн каржылык отчеттуулугу: • № 1-форма. Бухгалтердик баланс; • № 2-форма. Пайда жана чыгым жөнүндө отчет; • № 3-форма. Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет; • № 4-форма. Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет; • Каржылык отчеттуулуктун формаларына түшүндүрмө каттар, жүгүртүү-сальдолук ведомость жана чечмелемелер. • Бирдиктүү салык декларациясы.	күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--	--
5	Кыргыз Республикасынын салык органдарынын Арыз берүүчүнүн бюджетке	--	түп нуска	--

	салыктарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөө боюнча карызынын жоктугу/болгондугу жөнүндө маалымкаты			
6	Акционердик коомдун (АК) активдеринин баланстык наркы жөнүндө баланстык маалымкат (АК үчүн гана);	--	акционердик коомдун аткаруучу органынын жетекчисинин жана башкы бухгалтеринин кол тамгасы жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн	АКны башкаруунун ыйгарым укуктуу органы Банк менен бүтүмдөрдү (насыя, күрөө, кепилдик) түзүү жөнүндө чечим кабыл алган күнгө карата – акционердик коомдун аткаруучу органынын жетекчисинин жана башкы бухгалтеринин кол тамгасы жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн
	Юридикалык жактын түзүүчү жана уруксат берүүчү документтери:			
7	Түзүүчү документтер (түзүүчүлүк келишим, жарчы, жобо ж.б.)	көчүрмөлөр	күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
8	Арыз берүүчүнүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдарында мамлекеттик каттоодон/кайра каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүк/маалымкат	көчүрмө	күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
9	Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун органдары берген төлөөчүгө билдирме (болсо);	--	күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
10	Эгер Арыз берүүчүнүн ишмердүүлүгү лицензиялоого жатса, Арыз берүүчүнүн лицензиялары жана аларга тиркемелер	көчүрмөлөр	күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
11	Контрагенттин юридикалык дарек боюнча жайгашканын тастыктоочу документтер: ижара келишиминин же объектиге менчик укугунун күбөлүгүнүн көчүрмөсү	--	күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
12	Башкаруучу уюм/башкаруучу менен келишим (эгер башкаруу башкаруучу	--	күбөлөндүрүлгөн	--

	уюмга/башкаруучуга өткөрүлүп берилген болсо).		көчүрмө	
13	**Жарчыга ылайык юридикалык жактын башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн дайындалышын жана ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтер:**			
	а) Жоопкерчилиги чектелген коомдор үчүн:			
	• *Катышуучулардын жалпы чогулушунун протоколу/жалгыз катышуучунун коомдун жетекчисин шайлоо/дайындоо жөнүндө чечими.*	--	-түп нуска, же -күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
	б) Акционердик коомдор (АК) үчүн:			
	• *АК акционерлеринин жалпы чогулушунун Директорлор кеңешин шайлоо жөнүндө протоколу;*	--	-түп нуска, же -үзүндү көчүрмө, же -күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
	• *АК акционерлеринин жалпы чогулушунда Директорлор кеңешин шайлоо маселеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу эсептөө комиссиясынын протоколу;*	--	-түп нуска, же -үзүндү көчүрмө, же -АКтын көз карандысыз реестр кармоочусу күбөлөндүргөн көчүрмө	--
	• *АК Директорлор кеңешинин АКтын коллегиалдуу аткаруучу органын/жеке жетекчисин шайлоо жөнүндө чечими (протокол, токтом ж.б.);*	--	-түп нуска, же -үзүндү көчүрмө, же -күбөлөндүрүлгөн көчүрмө	--
	• *АК акционерлеринин реестринен 5% жана андан ашык акцияларга ээлик кылган акционерлердин курамы жөнүндө үзүндү көчүрмө.*	--	-түп нуска	--
	в) Башка уюштуруу-укуктук формадагы юридикалык жактар үчүн:			
	• *кол тамгалардын үлгүлөрү карточкасында көрсөтүлгөн Арыз берүүчүнүн кызмат адамдарынын дайындалышын жана ыйгарым укуктарын тастыктоочу документтер.*	--	-түп нускалар, же -үзүндү көчүрмөлөр, же -күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөр	--

14	Кол тамгалардын үлгүлөрү жана мөөр оттиски бар нотариалдык күбөлөндүрүлгөн карточка	--	түп нуска	түп нуска
15	Башкы бухгалтердин жана/же экинчи кол тамга коюу укугуна ээ башка кызмат адамдарынын дайындалышы жөнүндө документ (буйрук, протокол, чечим ж.б.) (эгер кол тамгалардын үлгүлөрү карточкасында экинчи кол тамга коюу укугуна ээ кызмат адамы болсо);	--	-түп нускалар, же -үзүндү көчүрмөлөр, же -күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөр	--
	II. ЖАҢЫ ДОЛБООР БОЮНЧА ДОКУМЕНТТЕР			
16	Бизнес-план (Долбоор боюнча технико-экономикалык негиздеме)	түп нуска	--	--
17	Бизнес-пландын каржылык модели	MS Excel форматында	--	--
18	Сатып алынуучу товарлар, иштер жана кызматтар жөнүндө толтурулган таблицасы бар кат	түп нуска		--
	III. КҮРӨӨ КАМСЫЗДОО			
19	Сунушталган күрөө мүлкүнө укук белгилөөчү, укук күбөлөндүрүүчү жана техникалык документтер	көчүрмөлөр	--	--
20	Арыз берүүчү күрөөгө сунуштаган кыймылсыз мүлккө болгон укуктардын Бирдиктүү мамлекеттик реестринен үзүндү көчүрмө	көчүрмөлөр	--	түп нуска
21	Арыз берүүчү күрөөгө сунуштаган кыймылдуу мүлккө талап кылуу укугунун Бирдиктүү мамлекеттик реестринен үзүндү көчүрмө	көчүрмөлөр	--	түп нуска
22	Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын Арыз берүүчү күрөөгө сунуштаган транспорт каражатына (ТК), өзү жүрүүчү транспорттук машинага (ӨТМ) жана жабдууга чектөөлөрдүн/жүктөрдүн жоктугу жөнүндө маалымкаты (колдонулса)	көчүрмөлөр	--	түп нуска
23	Юридикалык даректин, кыймылсыз мүлк бирдигинин идентификациялык кодунун өзгөргөндүгү жөнүндө маалымкат (зарыл болсо).			
24	Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын күрөөгө макулдугу (колдонулса)	--	--	түп нуска
25	Эгер күрөө коюучу юридикалык жак болсо, 7, 8, 9, 10, 13, 14, 15-пункттарда көрсөтүлгөн документтер			
	Эгер күрөө коюучу жеке жак болсо:			
25	Күрөө коюучунун нике курбаган учурда үй-бүлөлүк абалы жөнүндө нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызы;	--	түп нуска	--
26	Күрөө коюучунун нике курган учурда нике кыюу жөнүндө күбөлүгү;	--	көчүрмө	--
27	Жубайынын жана күрөөгө сунушталган мүлккө укугу бар башка жактардын күрөөгө макулдугу жөнүндө нотариалдык күбөлөндүрүлгөн макулдук арызы (колдонулса)	--	түп нуска	--

	IV. КЕПИЛДЕР			
28	Банктын кредиттик бюролордон маалымат алуусуна макулдук арызы;	түп нуска	--	--
	Эгер Кепил юридикалык жак болсо			
29	4–15-пункттарда көрсөтүлгөн документтер			
	Эгер Кепил жеке жак болсо			
30	Кепилдин нике курбаган учурда үй-бүлөлүк абалы жөнүндө нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызы;	--	түп нуска	--
31	Кепилдин нике курган учурда нике кыюу жөнүндө күбөлүгү;	--	көчүрмө	--
32	Жубайынын кепилдикке макулдугу жөнүндө нотариалдык күбөлөндүрүлгөн макулдук арызы (колдонулса)	--	түп нуска	--
	V. ПАСПОРТТОР			
33	Арыз берүүчүнүн катышуучуларынын, түзүүчүлөрүнүн, акционерлеринин (5%тен ашык) жана бенефициардык ээлеринин	көчүрмө		--
34	Арыз берүүчүнүн башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн	көчүрмө		--
35	Арыз берүүчүнүн аткаруучу органынын жетекчисинин	көчүрмө		--
36	Арыз берүүчүнүн башкы бухгалтеринин жана/же экинчи кол тамга коюу укугуна ээ башка кызмат адамдарынын (эгер кол тамгалардын үлгүлөрү карточкасында экинчи кол тамга коюу укугуна ээ кызмат адамы болсо)	көчүрмө		--
37	Күрөө коюучунун, кепилдин (эгер күрөө коюучулар жана кепилдер жеке жактар болсо)	көчүрмө		--
38	Күрөө коюучунун, кепилдин жубайынын (эгер күрөө коюучулар жана кепилдер жеке жактар болсо)	көчүрмө		--
39	Күрөө коюучунун жана кепилдин катышуучуларынын, түзүүчүлөрүнүн, акционерлеринин (5%тен ашык), башкаруу органдарынын мүчөлөрүнүн, аткаруучу орган жетекчисинин (эгер күрөө коюучулар жана кепилдер юридикалык жактар болсо)	көчүрмө		--
	VI. БҮТҮМ БОЮНЧА ДОКУМЕНТТЕР			
40	Арыз берүүчүнүн ыйгарым укуктуу башкаруу органы төмөнкүлөр жөнүндө чечим кабыл алгандыгын тастыктоочу документтер (протоколдордун, чечимдердин, токтомдордун, буйруктардын ж.б. күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү/үзүндү көчүрмөлөрү/түп нускалары): - арыз берүүчүнүн насыя алуусу жөнүндө, насыянын маанилүү шарттарын көрсөтүү менен: максаттуу багыты, суммасы, мөөнөтү, пайыздык ставкасы; - арыз берүүчүнүн насыя боюнча милдеттенмелерин камсыз кылуу жөнүндө, насыянын камсыздоосун (күрөө, кепилдик/гарантия) көрсөтүү менен; - көрсөтүлгөн маанилүү шарттарда насыя жана зарыл болгон башка	--	--	түп нуска

	келишимдерди түзүү жөнүндө			
41	Күрөө коюучунун – юридикалык жактын ыйгарым укуктуу башкаруу органдары төмөнкүлөр жөнүндө чечим кабыл алгандыгын тастыктоочу документтер (протоколдордун, чечимдердин, токтомдордун, буйруктардын ж.б. күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү/үзүндү көчүрмөлөрү/түп нускалары): - юридикалык жактын арыз берүүчүнүн милдеттенмелери боюнча күрөө коюучу катары чыгышы жөнүндө; - арыз берүүчүнүн насыя боюнча милдеттенмелерин камсыз кылуу жөнүндө, төмөнкү маанилүү шарттарды көрсөтүү менен: а) насыя: максаттуу багыты, суммасы, мөөнөтү, пайыздык ставкасы; б) күрөө: күрөө мүлкүнүн кыскача сүрөттөмөсү; - күрөө келишимин/келишимдерин түзүү жөнүндө	--	--	түп нуска
42	Кепилдин/гаранттын – юридикалык жактын ыйгарым укуктуу башкаруу органдары төмөнкүлөр жөнүндө чечим кабыл алгандыгын тастыктоочу документтер (протоколдордун, чечимдердин, токтомдордун, буйруктардын ж.б. күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү/үзүндү көчүрмөлөрү/түп нускалары): - юридикалык жактын арыз берүүчүнүн милдеттенмелери боюнча кепил/гарант катары чыгышы жөнүндө; - арыз берүүчүнүн насыя боюнча милдеттенмелерин камсыз кылуу жөнүндө, насыянын маанилүү шарттарын көрсөтүү менен: максаттуу багыты, суммасы, мөөнөтү, пайыздык ставкасы; - кепилдик/гарантия келишимин/келишимдерин түзүү жөнүндө	--	--	түп нуска

Эскертүү:

*(*1) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жактын түзүүчү, каттоо жана башка документтеринин көчүрмөлөрүн нотариалдык күбөлөндүрүү мүмкүн болбогон учурда, мындай документтердин көчүрмөлөрүн юридикалык жактын өзү күбөлөндүрөт.*

*(*2) Зарыл болгон учурда Банк кошумча документтерди сурап алышы мүмкүн.*